КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
СОКУЛУК РАЙОНУ
ЖАҢЫ-ПАХТА АЙЫЛДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
СОКУЛУКСКИЙ РАЙОН
ЖАНЫ-ПАХТИНСКИЙ
АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ

ТОКТОМ № 24-29/5

XXIX чакырылыштын 24-кезексиз сессиясы **15.10. 2026-ж**

“Республикалык бюджеттен түшкөн каражаттарды бөлүштүрүү жөнүндө”

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 8-январындагы № 1 «Калкка жана ишкердик субъекттерине салыктык жүктү азайтуу жана салыкты башкарууну өркүндөтүү боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 8-апрелиндеги № 201 «Республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге максаттуу трансферттерди берүү тартибин бекитүү жөнүндө» токтомуна, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2026-жылдын 12-октябрындагы № 775-т «Жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жергиликтүү бюджеттерге колдоо көрсөтүү, жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин азайышынын кесепеттерин минималдаштыруу максатында» тескемесине ылайык, ошондой эле айыл өкмөтүнүн башчысы М.К. Абдыкеримовдун маалыматын угуп жана талкуулап, пландык-бюджеттик, экономикалык жана фискалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиянын корутундусун карап чыгып, Жаңы-Пахта айылдык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджетке түшкөн акча каражаттарын коммуналдык кызматтарга төлөөгө жана социалдык-экономикалык пландын милдеттерин чечүүгө төмөнкү бөлүмдөр жана беренелер боюнча багытталсын:

№	Бөлүм	Берене	2026-жыл	I	II	III / IV
1	70629	2215	+2128,1			+2128,1
2	70629	3111	+1000,0			+1000,0
3	70629	2214	+300,0			+300,0
4	71092	2215	+50,0			+50,0
5	71092	2721	+500,0			+500,0
	Бардыгы		+3978,1			+3978,1

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Жаңы-Пахта айыл өкмөтүнүн башчысы М.К. Абдыкеримовго жүктөлсүн.

Төрага **З.М. Саитбеков**